КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

НАН КР
NAS KR

ISSN 0002-3221

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН

КАБАРЛАР Ы

ИЗВЕСТИЯ

НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

2017

№2

ISSN 0002-3221

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН

К А Б А Р Л А Р Ы

И З В Е С Т И Я

НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК

ilim.izdatelstvo@gmail.com

2017

ИЗВЕСТИЯ
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Журнал основан в 1966 г.

Выходит 4 раза в год.

ISSN 0002-3221

Редакционно-издательская коллегия:

академик М. С. Джуматаев (главный редактор);
академик А. А. Борубаев (зам. главного редактора);
академик А. А. Акматалиев (зам. главного редактора);
академик Б. А. Токторалиев (зам. главного редактора);
член-корреспондент А. Т. Жупуев (зам. главного редактора);
член-корреспондент Ч. И. Арабаев (отв. секретарь);
академик П. Т. Айтматов;
академик Дж. А. Акималиев;
академик Ш. Ж. Жоробекова;
академик К. М. Жумалиев;
академик А. Ч. Какеев;
академик Т. К. Койчуев;
академик М. М. Мамытов;
академик Д. М. Маматканов;
академик Ж. Ш. Шаршеналиев;
академик А. Э. Эркебаев;
Н. Ж. Мазекова (директор информационно-издательского центра «Илим»).

СОДЕРЖАНИЕ **МАЗМУНУ** **CONTENTS**

ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ

Шаршеналиев Ж., Бакасова А.Б. Проблемы нелинейной динамики самоорганизующихся систем с векторным управлением.....7-19
Өзүн-өзү уюштуруучу татаал динамикалуу тутумдарды вектордук башкаруудагы көйгөйлөр
Nonlinear Dynamics Problems of Self-Organizing Systems With Vector Control

Гадоев С.М. Применение интегральных схем для контроля воздействия различных внешних факторов.....20-22
Ар кыл сырткы факторлордун таасирин көзөмөлдөөдө интегралдык схемаларды колдонуу
Application of integrated schemas for control of influence of various external factors

ГЕОЛОГИЯ

Ниязбек уулу Ч., Чень И., Що В., Сакиев К., Санг М., Орозбаев Р. Литологическая характеристика и возраст пород в районе Вуласитай, западная Джунгария, Китай.....23-30
Вуласитай аймагында (батыш Жунгар, Кытай) жайгашкан тоо-тектердин литологиялык мүнөздөмөсү жана жашы
Lithological characteristics and ages of rocks in Wulasitai area, West Junggar, China

БИОЛОГИЯ

Усупбаев А. К. Новый вид и ключ для определения видов рода *TRISETUM* PERS. (POACEAE) в Кыргызстане.....31-34
Кыргызстандын *TRISETUM* PERS. (POACEAE) тукумунун түрлөрүн аныктоочу ачкыч жана жаңы түр
The New Species and Identification Key for Species of the genus *TRISETUM* PERS. (POACEAE) in Kyrgyzstan

Жугунисов К. Д., Жунушов А.Т. Совершенствование режима инактивации вируса блутанга бета-пропиолактоном.....35-40
Блутанг вирусунун бета-пропиолактон менен инактивтендирүү режимин жакшыртуу
Improving the beta-propiolactone inactivation mode of the bluetongue virus

Касымбекова Э.Ш., Мосолова С.Н. Поясное распределение паразитных микромицетов лекарственных растений Киргизского хребта и Чуйской долины.....41-44
Кыргыз кырка тоолорунун жана Чүй өрөөнүнүн дары-дармек өсүмдүктөрүнүн мите микромицеттерин алкактар боюнча таралышы
Half-length distribution of parasitic micromycetes of medicinal plants of the Kyrgyz backbone and Chuy Valley

Темиркул кызы Каухар Влияние климатических факторов на жизнедеятельность *PROFENUSA PYGMAEA* (KLUG, 1818) в условиях г. Бишкека.....45-50
Бишкек шаарынын шартында *PROFENUSA PYGMAEA* (KLUG, 1818) нин жашоо тиричилигине климаттык факторлордун тийгизген таасири
Iinfluence of Climatic Factors on the Life PROFENUSA PYGMAEA (KLUG, 1818) in the Conditions Bishkek

Калыкова Г.Н., Сагитов А.О. Базидиальные грибы пихтовых лесов Западного Тянь-Шаня.....51-54
Батыш Тянь-Шандагы ак карагай токойлорундагы базидиялуу козу карындар
Basidil fungi of Abies semenovii forest of the Western Tian-Shan

БИОЛОГИЯ И ФИТОТЕХНОЛОГИЯ

Боркошова С.М., Бурканов Н. Р., Акималиев А.А., Дженбаев Б.М., Шалпыков К. Т. Эколого-фитоценотическая характеристика *Patrinia intermedia Roem et Schult* по некоторым районам Кыргызстана.....55-64
Кыргызстандын кээ бир райондорундагы орто патриниянын жаратылыштагы өсүүсүнө мүнөздөмө берүү
Ecological-phytocenotic characteristics of Patrinia intermedia Roem et Schult in some regions of Kyrgyzstan

ВОПРОСЫ ИСТОРИИ И КУЛЬТУРНОГО НАСЛЕДИЯ

Старусева Т.И. Чингиз Айтматов – выдающийся представитель художественной культуры Кыргызстана.....65-68
Чыңгыз Айтматов – Кыргызстандын көркөм маданиятынын чыгаан өкүлү
Chingiz Aitmatov an outstanding representative of the the artistic culture of Kyrgyzstan

Султанов Э. К. Андрон тарыхый-маданий коомчулугунун көрүстөнүндө табылган кишинин күйгүзүлгөн калдыктарын аныктоо боюнча маселелер.....69-72
К вопросу об идентификации кремированных останков в погребениях андроновской историко-культурной общности
On the identification of the remains of cremated burials Andronov historical and cultural community

ФИЛОЛОГИЯ

Султанов Т.И. Сергей Григорьевич Кляшторныйдын жаркын элесине: даңазалуу тюрколог (1928-2014).....73-78
Жил-был тюрколог. Памяти Сергея Григорьевича Кляшторного (1928-2014)
There once was a Turkologist. The memory of Sergei Grigorievich Klyashtorny (1928-2014)

Ван Юе Мифологемы как прецедентный феномен в творчестве Л.С. Петрушевской.....79-83
Л.С. Петрушевскаянын чыгармаларындагы уламыштардын прецеденттик феномени
Mythologems as a precedent phenomenon in works of L. Petrushevskaya

Джаманкулова К.Т. «Айбанаттар стили» кыргыз пиктографиялык жазуусунда.....84-86
«Звериный стиль» в пиктографической письменности кыргызов
Animal style in Kirghiz pictographic writings

Сыдыкова Р. Касым Тыныстанов. Чыгармачыл бейне.....87-93
Касым Тыныстанов. Творческий портрет
Kasym Tynystanov. Literary portrait

Муктарбек кызы Ширин Кыргыз жана казак тилдериндеги үндүү тыбыштар.....94-96
Гласные звуки в кыргызском и казахском языках
Vowel Sounds in Kyrgyz and Kazakh Languages

ЭКОНОМИКА

Осмонкулов А. А. Формирование и развитие единой информационной системы недвижимого имущества в Кыргызской Республике.....97-101
Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлктүн бирдиктүү маалымат тутумун түзүү жана өнүктүрүү
Formation and development of a unified information system of real estate in the Kyrgyz Republic

ПРАВО

Джарылкасымов А. Т. Правовое воспитание и образование в современном Казахстане и их влияние на формирование правосознания граждан.....102-107

Азырқы Казахстандын укуктук тарбия жана билим берүүсү жана алардын жарандын укуктук аң-сезиминин калыптануусундагы таасири

Legal Parenting and Education in Modern Kazakhstan and Their Influence on the Formation of Legal Consciousness of Citizens

Рахова М. Т. Компенсации за причиненный вред гражданину в результате загрязнения окружающей природной среды.....108-110

Айлана чөйрөнүн булганууусунун натыйжасында зыян келтирилген атуулдарга компенсация төлөп берүү

On the subject of moral damage compensation caused a citizen by damaging his health or by violating his property state in the ambient pollution result

ФИЛОЛОГИЯ

УДК: 930 (575.2) (04)



Сергей Григорьевич Кляшторныйдын жаркын элесине: даңазалуу түрколог*(1928-2014)

Т.И. Султанов - т.и.д.,профессор Санкт-Петербург Мамлекеттик университети Борбордук Азия жана Кавказ регионунун тарыхы кафедрасы

Макалада советтик жана россиялык чыгыштаануу илиминин көрүнүктүү өкүлү, белгилүү окумуштуу түрколог С.Г. Кляшторныйдын өмүр таржымалы жана илимдеги салымы чагылдырылган.

Негизги сөздөр: түркология, чыгыштаануу, археология, байыркы түрк рун жазма эстеликтери.

Жил-был тюрколог. Памяти Сергея Григорьевича Кляшторного (1928-2014)

В статье отражены биография и научный путь выдающегося ученого тюрколога, яркого представителя советского и российского востоковедения С.Г. Кляшторного.

Ключевые слова: тюркология, востоковедение, археология, древнетюркские рунические письменные памятники.

There once was a Turkologist. The memory of Sergei Grigorievich Klyashtorny (1928-2014)

The article reflects the biography and scientific way turkologist outstanding scientist, a brilliant representative of the Soviet and Russian Oriental SG Klyashtorny.

Keywords: Turkology, oriental studies, archeology, ancient Turkic runic written monuments.

2014-жылдын сентябрь айы. Тагыраагы 21-сентябрь. Петербургда асман чайыттай ачык. Күндүн нуру жанга жагымдуу тийип, айлана мемиреп тынч. Көк асманда мухитте сүзгөн кемедей булуттар калкып жүрөт. Күздүн дене бойду магдыраткан нурлары бүт ааламды мээримине чулгап алгансыйт. Ааламда тынчтык орноп, ачкачылык, өлүм-житим, согуштар болбой эле жашоо түбөлүккө ушундай уланчудай сезилет. Бирок, бул күнү баары бир шум ажал өзүнүн милдетин аткарды. Сентябрь айынын 21-күнү таңга маал совет жана орус чыгыш таануу илиминин алпы Сергей Григорьевич Кляшторный жан таслим болду. Жан бар жерде өлүм да болот экен. Бирок, мындай орду толгус оор жоготуудан кабыргабыз кайышып, демибиз буулуп турду. С. Кляшторный – түркология

илиминдеги даңазалуу инсан. Жөн гана акылдуу жана жогорку билимдүү эмес эле. Андай адамдар орус чыгыш таануучулардын арасында көп эле кездешет. С. Кляшторный алардан айырмаланып аябай зор эрудицияга ээ, илимдин туу чокусун жердеген окумуштуу жана сөз берметтерин таап, аны кынаптап айта да, жаза да билген аңгемечи киши эле. Сергей Григорьевич ата мекендик түркологияда устаты болсо дагы Сергей Ефимович Малов менен тең турган фигура эле; бул эки улуу инсан өздөрү изилдеген тармактын "алдыда жүрсө акжолтой, артта жүрсө сан колдой" инсандарынан. Жараткан экөөнө тең жаннатынан берсин!

Сергей Григорьевичтин Борбордук Азиянын байыркы жана эрте орто кылымдардагы тарыхы, байыркы Орхон-Енисей жазма эстеликтери тууралуу эмгектеринин жыйынтыгын бул тармакты изилдеген адистерден күтөбүз. Ал эми бул чакан очеркте Сергей Григорьевич биздин эсибизде кандай киши катары калганын кагаз бетине түшүрүүгө аракет жасадык.

XVI к. орто азиялык тарыхчы Мирза Хайдар Дуглат "Тарих-и Рашиди" аттуу эмгегинде перс тилинде жазылган ырдан үзүндү келтирет:

Акылдуу, зээндүү азаматка
Жашоодо эки нерсе керек:
Бири – билимдин кенин терүү,
Экинчиси, аны элге берүү.

Белгисиз чыгыш акыны жазган бул эки сапат ленинграддык Сергей Григорьевичте жуурулушуп, узун өмүр: 86 жыл, 7 ай, 17 күн жашады.

Жашоону көр оокат катары гана эмес, аны өзүнүн доору менен болгон мамилеси менен чогуу кароо керек деп ойлойм. Өз доору менен болгон мамиле ар кимде ар кандай шекилде болушу мүмкүн. Айрымдар, өз доору менен батыша албай, аны менен ар дайым күрөштө болуп келет. Анын натыйжасында аянычтуу тагдырга дуушар болот. Ал эми кээ бир инсандар керек маалда, керектүү жерде жаралып, заманасы менен камыр-жумур болуп жашап өтөт. С. Кляшторный дал ушу экинчи категориядагы бактылуу инсандардын бири. Сөзүбүз куру болбосу үчүн Сергей Григорьевичтин өрнөктүү өмүр жолуна токтоло кетели.

С. Кляшторный 1928-жылы туулган. Орто мектепти ийгиликтүү аяктаары менен 1945-жылы Ленинград Мамлекеттик университетинин Чыгыш факультетине тапшырат. С. Кляшторный чыгыш таануу факультетинде С.Е.Малов, А.Н.Кононов жана А.Н.Бернштам сыяктуу профессорлордун таалим-тарбиясын көрүп, байыркы түрк тарыхы, булактаануу жана текстология, Евразиядагы түрк элдеринин тарыхы, Борбордук Азиянын тарыхы тармагында адис болуп чыгат. Байыркы түрк жазма эстеликтерине Түрк филологиясы кафедрасын 1947-1949-жылдарда жетектеген С.Е. Маловдун таасири менен кызыгуусу арткан.

Сергей Ефимович Малов (1880-1957) түркологиянын тарыхына байыркы жазма эстеликтерди мыкты билген адис окумуштуу жана жемиштүү педагог-түрколог катары кире алды. Анын мектебинен азыркы улуу муундагы мыкты түркологдордун басымдуу бөлүгү тарбияланып чыгышты. Анын оригиналдуу изилдөөлөрү илимге ат көтөргүс салым гана кошпостон, кийинки муун үчүн мыкты окуу куралы да болуп келүүдө.

С. Кляшторный советтик тарыхчы жана археолог А.Н. Бернштамдан (1910-1956) да тарбия көрдү. Сергей Григорьевич алгач студент кезинде, т.а. 1947-1953-жж., кийин Бүткүл союздук Геология институтунун кызматкери катары (1950-1957-жж.) А.Н. Бернштамдын жетекчилиги астында Памир-Фергана экспедицияларына лаборант болуп катышты. Бул экспедициялар СССРдин ИАнын ММТИ (ИИМК) тарабынан уюштурулуп турган. Кийин М.И. Артамонов, Н.М. Чернышев ж.б. экспедицияларына да катышып жүрдү. С.Г. экспедициялык ишмердүүлүгүн жашы улгайып калганына карабастан уланта алды. Алсак, 2003-жылы К.М. Байпаков жетектеген Иртыш экспедициясына катыша алды. Анын түрк тарыхына болгон кызыгуусунун натыйжасында байыркы түрк дооруна таандык көптөгөн жаңы эпиграфикалык эстеликтер табылып, чечмеленип, илим чөйрөсүнө таанытылды.

С. Кляшторный өзүн окуткан мугалимдери жана устаттарын терең урматтап, аларды ар дайым сыймыктануу менен эскерчү. Устаты С.Е.Малов тууралуу эскерүүлөрүнөн: бир жолу факультеттин жетекчилигинен кафедра башчыларына аларда иштеген кызматкерлер тууралуу мүнөздөмө жазып берүүсүн талап кылган жазуу келип түшөт. Сөзгө сараң С.Е.Маловдун өзүнүн кол астында иштеген кесиптешине берген мүнөздөмөсү:

– *Хабибуллин Галий Камалович. Улуту татар. Журөк оорулуу. Лингвистика менен алектенет. Мындан эмне чыгат? Билбейм. Сергей Малов.*

С. Кляшторный С.Е. Маловдун *"Ойлонуу кыйын, бирок, ойлонуш керек"* деп көп айтаарын эскерип калчу. Ушундайча Сергей Григорьевич кыска жана нуска жазууну устаты С.Е.Маловдон мурастап алган.

Илимдин кыраакы бир инсаны айткандай бактылуу адам – эрте бышып жетилген адам. Көпчүлүк ойлонуп турганча, алар кыбырап ашуусу бийик тоону басып өтөт. Жаш болгонуна

карабастан акылга бышып жетилишет. Алар жашоодо жасаган ар бир кадамынан сабак алып, тажрыйба топтоо менен чектелбестен, муундан-муунга өтүп келген коллективдик тажрыйбаны да бат өздөштүрүп, аны жашоодо ийгиликтүү колдоно билишет. Жаш кезинде эле көптү көргөн көсөмдөй болушат. Сергей Григорьевич да ушундай инсандардан эле. Ал бала кезинен эле жашоодон эмне күтөөрүн белгилеп, алдына максат жана милдеттерди коюп, ага карай талыкпастан умтулду. Убакытты текке кетирбей эңсегенине жете алды десек жаңылышпайбыз. Бирок, "ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет" деген чын белем, айрым учурда жашоо нугун таптакыр башка тарапка өзгөртүп салат. С. Кляшторныйдын жашоосунда да мындай көз ирмемдер учурабай койбойт. Университетти аяктагандан кийин алгач Деңиз флотунун машина куруучу заводунун цехинде, андан кийин Ленинграддагы Бүткүл союздук геология институтунда эмгектенүүгө мажбур болгон учурлар кездешет. Заводдо токардык кесипти өздөштүрүп, ал тургай төртүнчү разрядга ээ болсо, институтта библиограф катары эмгектенген. Бирок, ошондо да өзү сүйгөн кесипти таштабастан, акырын гана "Байыркы түрк руникалык эстеликтери Орто Азиянын тарыхы боюнча булак катары" деген теманын үстүнөн изилдөөсүн жүргүзө берген. Кийинчерээк бул тема боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, илимий даражага ээ болгон. Оомалуу-төкмөлүү жашоонун сыноосуна чыдап, илимден башка өнөрлөрдү да үйрөнүп, бирок, акырында бала кезден тилек кылган СССР ИАнын Чыгыштаануу институтуна кызматка орношкон. Ал жерде 1957-жылдан 2014-жылга чейин ар түрдүү кызматтарда ийгиликтүү иштеди. Ал кызматында баш айланткан бийик карьералык өсүшкө да дуушар болгон жок, бирок, ошол эле маалда карьераны күм-жам кылып коюучу кулоолорго да туш болгон жок. Ал жөн гана мойнуна алган милдеттерди так жана туура аткарчу. 1963-жылы СССР ИАнын Чыгыш таануу институтунун Ленинграддагы бөлүмүндө (ЛО ИВ АН СССР) Түркология жана монголистика секторуна жетекчи болуп дайындалган. Бул кызматта жарым кылымдан ашуун өз милдетин так жана ийгиликтүү аткара алды. Бийликтегилерге жагынып, алар менен достошкон жок, бирок, алар менен каршылашкан да жок. Эч бир саясий партияга мүчө болгон эмес. СССРдин жана РФнын өкмөттүк сыйлыктары менен сыйланган да эмес. Ал жөн гана тагдырына ыраазы болуп, жашоодон ырахат алып жашап өттү. Ал үчүн ар бир күн өзгөчө болуп, аны татыктуу жашап, андан илхам булагын тапканга умтулуп өттү. Өз жумушун абдан сүйчү жана андан энергия алып турчу. Жумушка чыкканда кадимкидей эс алып, айрыкча, ак дасторкондун четинде коллегалары, достору менен отуруп, баарлашкандан рахаттанчу. Тамак жегенде өзүнө таандык өзгөчөлүгү – чопулдатып жечү. Ичи тардык, текеберликти жаман көрүп, өзүнүн коллегаларынын, шакирттеринин жетишкен ийгиликтерине чын дилден кубанып турчу. Абдан жөнөкөй, ар дайым саламын үзбөй берген, барган жерин шаңга бөлөгөн эрудит коллективде абдан зор кадыр-баркка ээ болчу. Алдыда болчу окуяны күн мурунтан көрө билген көрөгөчтүгү жана акыл калчап ойлоно билген касиети бар эле. С. Кляшторныйдын жашоодогу жана илимдеги принциптеринен тайбай бул өмүрдү татыктуу жашап өттү.

Ал көп жылдык чыгыш таануу илиминде аябай улуу ачылыштарды ачып, көптөгөн ийгиликтерге жетишти. Анын эмгектери илимди байытып, аны алга сүрөп, өнүктүрө алды. Сергей Григорьевич 300дөн ашуун илимий эмгектердин автору. Айрыкча өткөн кылымдын 90-жылдарынан ушул кылымдын биринчи он жылдыгы эң жемиштүү жылдардан болду. Бул жылдары автордун Евразия чөлкөмүндөгүтүркэлдеринингарыхы,байыркы түрк жазма эстеликтеринин текстологиясы жана булактаануу тармактарында негизги эмгектери жарык көрдү. Бул эмгектердин басымдуу бөлүгү Борбордук Азиянын тарыхы жана маданияты боюнча дарстарда Санкт-Петербург Мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу факультетинде, Казакстан, Кыргызстандын жогорку окуу жайларында, Барнаул, Омск, Оренбург ж.б. Россиянын университеттеринин тарых факультеттеринде алмашкыс окуу куралы болуп таанылган. Айрым эмгектери КМШ, Ыраакы Чыгыш жана Батыш өлкөлөрүндө (Кытай, Япония, Түркия, Германия) башка тилдерге которулган.

Байыркы түрктөрдүн тарыхы боюнча адис болбогондуктан Сергей Григорьевичтин илимий изденүүлөрүнө объективдүү баа бере албайм. Ошентсе да анын айрым илимий жетишкендиктерин айта кетпесем болбостур. Сергей Григорьевич белгилүү тарыхый булактарда катылып жаткан *сир* (алгачкы жолу 337-370 жж. тарыхый булактарда кездешет) этниминин *кыпчак* (эң алгачкы тарыхый булактарда 742-жылы кездешет) этнониминин бир эле элдин эки башка атальшы экендигин далилдеген. Буга чейин *сир* этнонимин коптөгөн талаш-тартыштарды туудуруп келген. Тарыхый булактарда катылып жаткан чиеленишкен суроолордун түйүнүн чечүү менен илим дүйнөсүнө чоң

жаңылык киргизе алды. "Кыпчак" (байыркы түрк тилинде "бактысыз", "кырсыктуу", "кара жолтой" дегенди билдирет) байыркы *сирлер* уйгур жана кытайлар тарабынан 646-647-жж. тукум-курут болуп, мамлекети талкаланган-дан кийин өздөрүнө лакап катары берген тумар-ат болуп эсептелет. Алардын бул жаңы ысымды кабыл алышы байыркы түрктөрдүн диний-магиялык ишенимдерине байланыштуу өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Алардын ою боюнча зат (предмет) менен анын ысымы бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Кабыл алынган жаңы ысым аларды элди (уруунu, урукту, үй-бүлөнү, жеке адамды) тооруган ар кандай кара күчтөрдү адаштырып, ар кандай балээ, кырсыктардан коргой алат деп ишенишкен. *(Айта кетүүчү нерсе кыргыздарда да жаңы төрөлгөн баланы ажалдан коргоо үчүн Сасык, Күчүк, Боккотон, Бокмурун ж.б. жагымсыз аттарды ыйгарышкан. Кыргыздардын түшүнүгүндө бөбөктүн жанын алуу үчүн келген ажал анын атынан жийиркенип, балага тие албай кайтат деп ишенишкен- котормочудан).*

С. Кляшторный көптөгөн руникалык эстеликтерди ачып, аларды тарыхый-филологиялык комментарийлер менен толуктап илим чөйрөсүнө таанытkан. Ал Орто Азия тууралуу Авестадагы тарыхый жана географиялык маалыматтарды азыркы илимдеги толук жана эң мыкты интерпрециялаган авторлордун бири, Россиядагы азыркы аскердик чыгыш таануу илиминин атасы. Бул багыт анын шакирти, чыгыш таануу боюнча билими бар, адис аскер проф. А.А.Колесниковдун эмгектеринде ийгиликтүү улантылган. А.А.Колесников С. Кляшторный менен биргеликте жана өзү жазган эмгектеринде Борбордук Азияны изилдөөдө орус аскер инсандарынын кошкон салымы тууралуу эмгектеринде бир кыйла баалуу маалыматтарды жазган.

Кайталап эскертип кетсем Сергей Григорьевич чыгыш таануу илимине жарым кылымдай кызмат өтөп, 300дөн ашуун илимий эмгектерди жараткан. Бул эмгектер автордун жогорку деңгээлинин көрсөткүчү гана болуп калбастан, совет жана орус чыгыш таануу илиминин алтын фондуна айлана алды. Сергей Григорьевичтин түрк каганаттарынын этномаданий тарыхы, Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы тармагындагы изденүүлөрү бул чөлкөмдү изилдеген окумуштуулардын китеп текчесинде дайыма турчу китептерден бири болооруна шегим жок.

С. Кляшторныйдын редакторлук эмгектери тууралуу учкай маалымат бере кетүүнү туура көрдүм. Ал көптөгөн монографиялардын жооптуу редактору, ата мекендик жана чет элдик журналдардын, мезгилдик басмалардын редколлегияларында мүчө болчу. Алардын арасынан бул жерде ленинграддык чыгыш таануу мектеби жарыкка алып келген "Түркологиялык жыйнак" (Тюркологический сборник) журналын баса белгилегибиз келет. "Түркологиялык жыйнак" 1966-жылы Ленинградда, СССР ИАнын ЛБ ЧГИда (ЛО ИВ АН СССР) жарык көрүп, анын башында А.Н.Кононов, Ю.А.Петросян жана С.Г.Кляшторныйлар турушкан. Бул журнал илим дүйнөсүндө абдан популярдуу болгон, жыл сайын Ленинградда, буурул түндөргө туш келген июнь айында өткөрүлүүчү Бүткүл союздук түркологиялык конференциянын материалдары жана докладдарынын негизинде жарык көрүп турду. Бирок, 1989-жылдан тартып белгилүү себептер менен журнал чыгарылбай, 2001-жылы гана кайрадан жарык көрө баштады. 2007-жылдан тарта эки жылда бир чыгарылып келүүдө. "Түркологиялык жыйнакты" кайрадан чыгаруу демилгесинин башында, редколлегиянын төрагасы жана анын түзүүчүсү – Сергей Григорьевич эле. Бул журнал – орус чыгыш таануу илиминдеги эң көзгө басаар мезгилдик жыйнактардын бири болуп эсептелет. Бул жыйнактын "ВАКтын тизмесине" жана РИНЦтин тизмесине кирүүсү анын илимий деңгээлинин жогору экендигин белгилеп турат. Бул саптарды жазып жатып, журналдын редколлегиясынын мүчөсү В.В.Трепавловдун С.Г.Кляшторныйдын өлүмүнөн кийин "Түркологиялык жыйнакты" мындан ары да үзбөй жарыялап туруу керек деген пикирин коштолдоп колдоорумду билдирип кетким келет.

Сергей Григорьевич ийкемдүү акылга жана тез ойлонуу жөндөмүнө ээ болгондуктан айрым учурда анын импровизациялары күн мурунтан даярдалгандай сезилчү. Анын чабыттаган ойлору кыйла алдыга кетип, анын жетик акылы көз ачып жумганча көптөгөн фактылардын үрөнүн сээп, анын керексиздерин четке сүрүп салып, ал эми маанилүү жана перспективдүүлөрүнүн түшүмүн терип алчу. Натыйжада Кляшторныйдын көркөм жана берметтей жылмаланган импровизациялары жаралчу. Бул импровизациялар өзүнүн күтүүсүздүгү жана жеңилдиги менен жаш баланын тентектигине окшоп кетээр эле. Мындай "карацгы жерден көз тапкан, капылеттен сөз тапкан" учурларды Сергей Григорьевич өзү да кантип жасап салганын түшүнбөй калуучу. С. Кляшторный өзөгү туура, бирок, чаржайыт жазылган сүйлөмдөрдө камтылган идеяны камырдан кыл сууругандай алып, аны кайра орду-ордуна кынаптап коё билген киши эле. Шакирттери жазып келген

макалага көз жүгүртүп, андагы оригиналдуу ойлорду дароо байкап, бирок, структурасы туура эмес жазылган сүйлөмдөрдү дароо оңдой салчу. Ал редакциялаган макалалар түп нускасынан таптакыр айырмаланып, мизилдете курчталган кылычтай өткүр боло калуучу.

Мындан ары аңгемечи Сергей Григорьевич тууралуу бир ооз сөз айта кетели. Аны билгендердин көпчүлүгүнүн эсинде ал айтып берген Монголияда кантип мал союшаары тууралуу аңгеме болсо керек. С. Кляшторный СССР ИА жана Монгол Эл Республикасынын Илимдер Академиясы биргелешип уюштурган совет-монгол тарыхый-маданий экспедицияларынын эпиграфиялык отрядларында жетекчилик кылып, Монголияда көп ирет болуп, ал жерди коён жатагынан бери билээр эле. Мен Сергей Григорьевичтей чечен эмесмин. Бирок, ошентсе да ал айтып берген бир аңгемени кыстара кетсем.

Монголдордо малды кан чыгарбай союшат. Малды мууздабай, анын ордуна анын колкосун сууруп алышат. Монгол аймактарында бул байыркы ыкманы мыкты билгендер көп кездешет. Койду мыкты соё алган киши койду көтөрө чаап, колундагы атайын бычагы менен төштү жарып, андан колкону сууруп алат. Көз ачып жумгуча болгондуктан кой жаныбар өлгөнүн сезбей жата берет.

Мыкты аңгемечи адам – жакшы лектор болоору шексиз. Аны С. Кляшторный Санкт-Петербург Мамлекеттик университетинин Борбордук Азия жана Кавказ кафедрасында дарс окуп калганда дагы бир жолу далилдеди. Өз кесибин мыкты билгендиктен дарсты аябай жогорку деңгээлде окуучу. Сергей Григорьевич дарс окуп жатканда студенттер мемиреп муюп угушаар эле. Семестрдин аягында окумуштуунун дарстарына ыраазы болгон студенттердин гүл көтөрүп келип, рахмат айткан учурлар кадимки көрүнүш болуп калган. Мен өзүм да Сергей Григорьевичти алгач университеттин аудиториясынан көрүп, анын сабактарына катышкандан кийин анын күйерманына айлангам. Анда экөөбүз тең жаш элек. Анын келечекте улуу түрколог-тарыхчы болоору, менин анын китептерине авторлош болоорум үч уктасам түшүмө кирчү эмес. Менин тагдырымдагы бурулуш учур Сергей Григорьевичтин жардамы менен болгон. Эстесем, ошондо университетти бүтүп жатып, келечегим кандай болот, эми эмне кылам деген суроо мени курттай жеп, сарсанаа болуп жүргөн кезим. Бир жолу катуу ойго батып турсам С.Г. келип анын себебин сурап калды. Университетти бүтүп, дипломду колго алганым менен мындан ары эмне кылаарымды билбей "башыма алтымыш санаа бир келип аткандын", Түркияга, Измир шаарындагы курууучуларга котормочу болуп бараарымды же кичи мекеним Алма-Атада жумуш сунуштап атышат, кайсы жагына бараарымды билбей тураарымды айтсам экөөнү тең жаратпай койду. Андан көрө СССР ИАнын Чыгыш таануу институтунун Ленинграддагы бөлүмүнө (ЛО ИВ АН СССР) аспирантурага тапшыруумду сунуштады. Ушундай кокустуктун арты менен чыгыш таануучулардын тобуна аралашып калгам. Ал үчүн Сергей Григорьевич менен жолугуштурган тагдырыма жана өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк, акылга дыйкан кеңешчим С. Кляшторныйга ар дайым ыраазычылыгымды айтып бүтүрө албай келем.

С. Кляшторный узак өмүр жашап, узун жолду басып өттү. Бул жолдун башаты 1928-жылы Гомелде башталып, 30-жылдардагы репрессияны, 40-жылдардагы оор жоготуулар жана кыйын күндөрдү, жетимишинчи "сенек жылдарды", 90-жылдардагы коомдогу астын-үстүн болгон алааматтарды басып өтүп, жаңы кылымда орус тарыхынын жаңы доорунун жаралышында көч башында турган окумуштуулардын бири болду. Анын өмүр таржымалын кайталап отуруунун кажети жок. Бирок, андагы айрым сүрүмдөрдү айта кетпесем болбостур.

Ал сакадай боо сары алтын киши эле. Бирок, бул совет-орус түркологиясынын алпына бир канча кыйынчылыктарды туудурганын көпчүлүк биле бербейт. Мисалы, дүкөндөн жаңы костюм алаары менен аны ательеге берип, өзүнө чактап тиктиртээр эле. Ага туура келген бут кийим оңой менен табыла койчу эмес. С.Г. мындай "кыйынчылыктын" да жолун тапкан эле. Эгер бутуна туура келген чокойду табаары менен андан көп сатып алып койчу. Эгер Сергей Григорьевич менен жакын дос болбогонумда сакадай болгон кишинин тоодой көйгөйлөрү болоорун билмек эмесмин.

Бир жагынан анын жашоосунда айрым көз ирмемдер таптакыр унутулгус, жакшы түш сыяктуу болуп өттү. Өмүрүнүн акыркы жылдарында ага көрсөтүлгөн урмат-сыйлардын дагы да артканы кубандырбай койбойт. Айрыкча Борбордук Азиядагы жана Волга боюндагы жаңы мамлекеттердин бийлик жетекчилери аны урматтап, анын илимий эмгектерин татыктуу баалап, ага ар дайым төрдөн орун берип, сыйлашаар эле. Төмөндө ал алган айрым сыйлыктардын тизмеси:

1) КУУнун алгачкы ардактуу профессору, Кыргызстан, 1992-ж.;

2) III даражадагы "Манас" ордени, Кыргызстан, 2002-ж.;

3) КР УИАнын ардактуу академиги, Кыргызстан, 2003-ж.;

4) «Казан шаарынын 1000 жылдыгы» медалы, 2005-ж.;

5) Туруктуу Эл аралык Алтаистикалык конференцияда (PIAC), алтаистика тармагына кошкон салымы үчүн АКШнын Индиана университетинин алтын медалы, 2005-ж.;

6) Казакстандын тарыхын изилдөөдө кошкон салымы үчүн Л.Н.Гумилев атындагы Евразиялык университетинин юбилейлик медалы, 2006-ж.;

Сергей Григорьевичтин кадыр-баркы Санкт-Петербург Мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу факультетинин дубалдары менен чектелип калбастан, Борбордук Азиядагы суверендүү мамлекеттеринин илимий жана окуу жайларында да жогору эле. Аны Борбордук Азиядагы түрк элдеринин тарыхын изилдөө тармагында опол тоодой синирген эмгеги үчүн гана эмес, квалификациялуу илимий кадрларды даярдоодо кошкон салымы үчүн да жогору баалашчу. Сергей Григорьевич окуткан аспиранттар жана стажерлордун көпчүлүгү илимий жана мамлекеттик кызматтарда жооптуу кызматтарды ээлеп отурушат. Атап айтсак, Казакстанда белгилүү окумуштуу, т.и.д., академик Б.Е.Кумеков, т.и.д., профессор М.Х.Абусеитова, т.и.д. А.Ш.Кадырбаев, т.и.д., профессор А.К. Камалов ж.б., Кыргызстанда т.и.д. профессор А.М. Мокеев, т.и.д., профессор Т.Д. Джуманалиев, т.и.к. М.С. Иманалиев, т.и.к., Т.О. Бейшеналиев сыяктуу шакирттери илимге ак кызматын өтөп, улуу устатынын жолун жолдогон, өз өлкөсүнүн белдүү илимпоздорунан боло алышты. Россияга коңшулаш түрк тилдүү мамлекеттерде Сергей Григорьевичтин көп сандаган шакирттери, күйөрмандары бар. Бул анын үзүрлүү эмгегинин жемиши. С. Кляшторныйга кудайындай сыйынгандарды көрбөсөм да, аны ар кандай мааракe, иш-чараларда, банкеттерде аябай жылуу тосуп алышкандарына көп эле күбө болгонмун. Бул жарде баса белгилеп айтуу керек Орто Азиядагы республикаларда банкет, той-тамаша, салтанаттарды уюштурууда эң маанилүүсү – конокту туура күтүп, аны туура жерге отургузуу болуп эсептелет. Орус тарыхында да белгилүү 15-17-кылымдагы орус боярларынын тегинин атактуулугуна карата, мамлекеттик кызматтан орун алуу тартиби бул жакта өзүнчө салт катары бүгүнкү күндө да сакталып калган. Тартиби катаал элдик этикетке ылайык чакырылган ар бир конок өзүнүн ордун билиш керек жана ошол жерге гана отуруш керек. Бул жагдай мааракенин андан ары уланышына чоң таасир берет. Бир китептин ачылышынын бет ачаары же конференциянын жабылыш аземи болобу мамлекеттеги белгилүү адамдар Сергей Григорьевичти босогодон сый менен күтүп алышып, аны акырын колтуктап алып аны эң сыйлуу жер, төргө отургузушчу. Илимий конференциялардын тыныгуу учурунда жергиликтүү акын-жазуучулар, сүрөтчүлөр, жаш илимпоздор келип, аны менен таанышууга шашып турушчу. Ал өз жаш курагынан жаш көрүнгөндүктөн көптөгөн адамдар аны адаштырып, кээде күлкүлүү окуялар да болуп кетчү. Аны жакындан тааныбагандар келип "Жаш жигит, сиз атактуу ленинграддык Кляшторныйдын уулу болосузбу?" деп сураган учурлар болгон. Сергей Григорьевич башын бат-баттан ийкегилеп "Ооба, ооба, мен Кляшторныйдын уулумун" деп жооп берчү. Ал туура жооп берчү. Чындыгында эле ал лениградлык врач Кляшторныйдын уулу болчу. Татыктуу аганын татыктуу уулу эле.

Аягында өкүнүчтүү болсо да айта кетүүчү нерсе Сергей Григорьевич согуш жылдарынан кийин биринчи жолу 2000-жылдарда гана батирлүү болду. Ал Санкт-Петербург шаарынын Римский-Корсаков №3 көчөсүндөгү коммуналдык үйүн өзүнчө батирге алмаштырып, ал жакта биринчи жолу өмүр бою жыйнаган китептерин өзү каалагандай тизе алды. Өз үйүндө, китептердин арасында, өзү жазган эмгектерин колуна алып, ага көз жүгүртүп жатып бир кездеги белгилүү ырдагы "Мои года – мое богатство" дей алды. Ал ашыкча байлык топтогон жок. Жаңы үйүндө, Угловой 5 тар көчөсүндө тагдырдын жазмышы менен оо дүйнөгө узады.

Кош болунуз, урматтуу менин устатым, жандосум. Сизди ар дайым эстеп,

Турсун Султанов.

Издательская группа:
Н. Мазекова (руководитель),
С. Кырчообаева, С. Сулайманов, Р. Дунгапаева,
А. Курбанова, М. Саманчиева

Подписано в печать 09.03.17. Формат 60×84 $^1/_8$.
Печать офсетная.
Тираж 200 экз.

Информационно-издательский центр "Илим" НАН КР,
720071, г. Бишкек, проспект Чуй, 265а